Кыргыз билим берүү академиясынын, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д. 13. 16. 526 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын Субанов Бекжан Абдыжалиловичтин «Экономика адистиктеринин окуу процессинде маалыматтык жана коммуникативдик технологияларды пайдалануунун дидактикалык шарттары» аттуу темада 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча

## ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН БҮТҮМҮ

Курамында: төрага Раимкулова А. С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор, комиссиянын мүчөлөрү: Болджурова И.С. - педагогика илимдеринин доктору, профессор, Акматкулов А.А. - педагогика илимдеринин доктору, профессор диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы изденүүчү Субанов Бекжан Абдыжалиловичтин «Экономика адистиктеринин окуу процессинде маалыматтык жана коммуникативдик технологияларды пайдалануунун дидактикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүн карап чыгып, **төмөндөгүдөй бүтүмгө келди:**

**1. Диссертациянын мазмунунун адистикке дал келиши жана диссертациялык кеңеште коргоого укуктуулугу.**

Субанов Бекжан Абдыжалиловичтин педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча жазылган

«Экономика адистиктеринин окуу процессинде маалыматтык жана коммуникативдик технологияларды пайдалануунун дидактикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациясынын негизги мазмуну 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча диссертациялык кеңешке берилген коргоо укугу боюнча адистиктин паспортуна туура келет.

**Изилдөөнүн максаты** жогорку билим берүү системасында болочок экономисттердин маалыматтык-коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун дидактикалык шарттарын аныктоо, аны теориялык жактан негиздөө жана педагогикалык экспериментте текшерүү.

**Изилдөөнүн объектиси.** ЖОЖдордун экономика адистиктериндеги окуу процесси.

**Изилдөөнүн методдору.** изилдөө темасына карата илимий адабияттарды талдоого алуу; экономикадагы информациялык технологиялар, информатика окутуучуларынын педагогикалык тажрыйбаларын талдоо жана жалпылоо; жогорку окуу жайлардын нормативдик иш кагаздарын, окуу пландарын жана программаларын анализдөө; окуу процессине байкоо жүргүзүү; диагностикалык методдор; педагогикалык эксперимент, педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын сандык жана сапаттык жактан текшерүү методдорун пайдалануу.

## 2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.

Азыркы учурда жогорку окуу жайлардын экономика жана финансы адистиктеринин бүтүрүүчүлөрүнүн билимдеринин сапатына коюлуп жаткан талаптар өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Коомдун социалдык талабына жараша маалыматтык-комммуникативдик технологияларды пайдаланууга ээ болбой туруп жогорку кесипкөйлүккө, коюлган тапшырмаларды аткаруу боюнча негиздүү жана эффективдүү чечимдерди өз алдынча кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнө жетишүүгө мүмкүн эмес. Практика көрсөткөндөй, маалыматтык-коммуникативдик технологияларды (МКТ) пайдалануучулардын көпчүлүгү мындан 5-10 жыл мурда өз алдынча эң жакшы аткарып жүргөн

жумушун азыр компьютердин жардамысыз кантип аткара тургандыгын элестете алышпайт. Пайдаланылып жаткан маалыматтардын мазмуну жана көлөмү туруктуу өсүп жаткандыктан аны сактоо жана жайылтуу үчүн жаңы технологиялар талап кылынууда. Маалыматтык-коммуникативдик технологиялар – социалдык-экономикалык чөйрөдө тынымсыз өнүгүп жаткан багыт, ошондуктан диссертациялык изилдөөдө төмөнкүдөй проблемаларды чечүү маселелери коюлган:

- ЖОЖдордун экономика адистиктеринде окуган студенттердин окуу процессин акыркы үлгүдөгү программалык каражаттар менен камсыз кылуу;
- Кесиптик жактан даярдоо процессинде маалыматтык жана коммуникативдик технологияларга ээ болгон ийкемдүү адистерди даярдоо;
- Экономикалык адистиктердин окуу процессиндеги жалпы багыттагы программалардын пакети менен кесиптик программалардын атайын пакеттерин бүтүрүүчүлөрдүн өздөштүрүүсүнө жетишүү;
- ЖОЖдордо МКТ боюнча тиешелүү даярдыгы бар окутуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу;
- Жогорку окуу жайларда экономикалык багыттагы адистерди кесиптик жактан даярдоо процессинде маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдонуу менен алардын таанып-билүү ишмердигин уюштуруунун дидактикалык шарттарын аныктоо проблемасынын кыргыз педагогикасында теориялык-методикалык жактан изилденбегендиги изденүүчү аткарган илимий изилдөөнүн актуалдуулугун негиздейт жана учурдун талабына ылайык жооп берет деген корутунду чыгарууга болот.

### 3. Диссертациянын илимий жыйынтыктары:

Диссертациялык иште төмөндөгүдөй жаңы илимий натыйжалар алынган. Алар кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистигин өнүктүрүү үчүн чоң мааниге ээ болот.

***1-жыйынтык.*** Жогорку окуу жайлардын экономикалык адистиктеринде

окуган студенттердин маалыматтык жана коммуникативдик технологияларды пайдалануусунун теориялык-методологиялык негиздери аныкталган. Студенттердин кесиптик билимдерди өздөштүрүүсүндөгү колдонмо пакеттик программаларды колдонуунун педагогикалык аспектилери, кесиптик программалык каражаттарды колдонуунун учурдагы абалы изилденген. (1-главанын 1.1., 1.2., 1.3-параграфтарында)

***2-жыйынтык.*** Болочок экономист адистерди кесиптик жактан даярдоодо маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдонуунун азыркы абалына талдоо жүргүзүлгөн. Кесипке багытталган программалык каражаттарды пайдалануу аркылуу болочок экономистердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптандыруунун мазмуну аныкталган (2-главанын 2.1. жана 2.2. параграфтары)

***3-жыйынтык.*** Кесиптик даярдыктын жүрүшүндө болочок экономистердин таанып-билүү ишмердүүлүктү жана маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдонуунун дидактикалык шарттары иштелип чыккан. Маалыматтык-коммуникативдик технологиялар боюнча билимдерге, ык-машыгууларга, көндүмдөргө жана компетенттүүлүккө ээ болуучу көнүгүүлөрдүн жана машыгуучу тапшырмалардын системасы иштелип чыккан;

***4-жыйынтык.*** Сунушталган моделдин эффективдүүлүгү педагогикалык экспериментте текшерилген жана маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдонуу окуу процессине киргизилген (2-главанын 2.3. параграфы жана 3-главанын 3.1., 3.2. параграфтары).

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий жыйынтыктын, тыянактардын жана корутундунунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы.**

***1-жыйынтык.*** Жогорку окуу жайлардагы экономикалык адистиктерде окуган студенттердин кесиптик даярдыгынын учурдагы абалын иликтөөдө,

экономисттерди кесиптик жактан даярдоодо маалыматтык-коммуникативдик технологияларды (МКТ) колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн жана аларды окуу процессинде пайдалануунун негизги багыттарын аныктоодо, диссертант КМШ мамлекеттеринин, кыргызстандык педагогдордун жана психологдордун эмгектерине таянган. Бул проблема ишенимдүү аныкталган.

***2-жыйынтык.*** Изденүүчү тарабынан маалыматтык-коммуникативдик технологияларды (МКТ) пайдалануунун негизги компоненттери жана аларды калыптандыруунун технологиялары аныкталган. МКТны пайдалануунун негизги компонеттерин жана технологияларын аныктоо процессинде дүйнөлүк илимде жана экономикалык адистиктерди даярдаган ЖОЖдордун тажрыйбаларына таянган.

***3-жыйынтык.*** Экономикалык багыттагы жогорку билимдүү адистерди кесиптик жактан даярдоо процессинде маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдонууда, студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштуруунун дидактикалык шарттарын аныктоодо, КМШ мамлекеттериндеги ЖОЖдордун жана экономикалык адистиктерди даярдаган Кыргыз Республикасындагы факультеттердин тажрыйбаларына таянган;

***4-жыйынтык.*** Изденүүчү болочок экономистерди кесиптик жактан даярдоо процессинде МКТ боюнча билимдерге, ык-машыгууларга, көндүмдөргө жана компетенттүүлүккө ээ болуучу көнүгүүлөрдү жана машыгуучу тапшырмалардын системасын иштеп чыгууда экономикалык адистиктерди даярдаган факультеттердин, ЖОЖдордун стандарттарына, предметтик программаларына, окуу-усулдук комплекстерине таянган. Бул теориялык жоболорду педагогикалык экспериментте текшерүүдө изденүүчү тарабынан теориялык жоболордун тастыкталышын негиздейт.

**5. Изденүүчүнүн диссертациясында жасалган тыянактардын жана корутундулардын, ар бир жыйынтыктын жаңылык даражасы.**

***1-жыйынтык.*** Жаңы. Жогорку окуу жайлардын экономикалык адистиктеринде окуган студенттердин кесиптик даярдыгынын учурдагы абалы иликтөөгө алынган. Болочок экономисттерди кесиптик жактан даярдоодо маалыматтык-коммуникативдик технологияларды (МКТ) колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү жана аларды окуу процессинде пайдалануунун негизги багыттары аныкталган;

***2-жыйынтык.*** Жаңы, себеби маалыматтык-коммуникативдик технологияларды пайдалануунун негизги компоненттери аныкталган жана аларды калыптандыруунун технологиясы иштелип чыккан.

***3-жыйынтык.*** Жаңы. Экономикалык багыттагы жогорку билимдүү адистерди кесиптик жактан даярдоо процессинде маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдонуу менен алардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштуруунун дидактикалык шарттары аныкталган;

***4-жыйынтык.*** Жаңы. Студенттерди кесиптик жактан даярдоо процессинде МКТ боюнча билимдерге, ык-машыгууларга, көндүмдөргө жана компетенттүүлүккө ээ болуучу көнүгүүлөрдүн жана машыгуучу тапшырмалардын системасы иштелип чыккан. Түзүлгөн моделдин эффективдүүлүгүн педагогикалык экспериментте текшерген жана сунуш кылынган маалыматтык жана коммуникативдик технологиялар окуу процессине киргизилген.

**6. Актуалдуу маселеге тиешелүү теориялык жана прикладдык милдеттерди чечүүдө алынган жыйынтыктардын ички биримдигине жана багытына баа берүү.**

Субанов Бекжан Абдыжалиловичтин «Экономика адистикеринин окуу процессинде маалыматтык жана коммуникативдик технологияларды пайдалануунун дидактикалык шарттары» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын ар бир главасында, параграфтарында ички биримдик сакталган. Изилдөөнүн негизги бөлүктөрү бири-бири менен логикалык жактан тыгыз байланышта жана негизги жетектөөчү идеянын алкагында баш ийип

турат. Алынган корутундулар, практикалык сунуштар педагогика илиминдеги теориялык жана методологиялык жоболор аркылуу негизделген.

**7. Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.**

- экономика адистиктериндеги студенттердин маалыматтык-коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун дидактикалык шарттары, модели келечектеги экономика багытындагы адистердин МКТ каражаттарын колдонуу боюнча окуу процессин эффективдүү уюштурууну камсыз кылат;
- иштелип чыккан окуу-усулдук колдонмолорду, даярдалган колдонмо программалардын пакетин, МКТ боюнча билимдерге, ык-машыгууларга, көндүмдөргө жана компетенттүүлүккө ээ болуучу көнүгүүлөрдүн жана машыгуучу тапшырмалардын системасын ЖОЖдордун экономика адистиктеринин окуу процессине пайдаланууга болот.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун жана жыйынтыктарынын жарыяланышы (апробацияланышы).**

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылган**:

1. Субанов Б.А. Формирование информационной культуры будущего экономиста [Текст] /Д.Бабаев, Б.А.Субанов // Вестник КГУ им. И.Арабаева. – 2012. – №5 – с.214-216
2. Субанов Б.А. Использование информационных и коммуникативных технологий в процессе подготовки будущих экономистов [Текст] /Б.А.Субанов // Вестник КГУ им. И.Арабаева. – 2012. – №5 – с.210-214
3. Субанов Б.А. О методике обучения информатике студентов экономических специальностей в дистанционном образовании. [Текст] //Б.А.Субанов // Материаловедение. Научный и информационный журнал. Бишкек – 2013. №1 – с.465-467
4. Субанов Б.А. Болочок экономисттердин маалыматтык ишмердүүлүгүн

калыптандыруунун негизги компоненттери. [Текст] // Б.А.Субанов// Эл агартуу №1-2 Бишкек-2014 –11-14-б.

5. Субанов Б.А. Маалыматтык жана коммуникативдик технологиялардын болочок экономисттерди даярдоодогу ролу [Текст] //Б.А.Субанов// Науки и новые технологии – Бишкек 2014-№1 – 208-210-б.

6. Субанов Б.А. Основные компоненты информационной деятельности будущего экономиста [Текст] //Б.А.Субанов// Науки и новые технологии – Бишкек 2014-№1 – с.187-189

7. Субанов Б.А. Методические аспекты обучения математики студентов экономических специальностей с применением компьютерных-математических систем. [Текст] //Б.А.Субанов// Международный научный журнал Изденис (Поиск) - Алма-Ата 2014-№1 – с.256-261

8. Субанов Б.А. Формирование информационно-компьютерной культуры будущего экономиста. [Текст] //Б.А.Субанов// Известия ВУЗов – Бишкек 2014-№1 –с.164-167

9. Субанов Б.А. Развитие методической системы информационной подготовки будущего экономиста в ВУЗе. [Текст] //Б.А.Субанов// Эл агартуу №3-4 Бишкек-2014 –с.33-36

10. Субанов Б.А. Экономист адистерди даярдоодогу маалыматтык жана коммуникативдик технологиялардын ролу [Текст] //Б.А.Субанов// ЖАМУнун жарчысы №2 Жалал-Абад 2014.43-46-б.

11. Субанов Б.А. Экономисттерди даярдоодо колдонулуучу кесиптик программалык каражаттар. [Текст] //Д.Б.Бабаев, Б.А.Субанов// ОшМУнун жарчысы №4 Ош-2015 –112-116.-б.

12. Субанов Б.А. Формирование информационной культуры будущего экономиста в ВУЗе. [Текст] //Б.А.Субанов//Новые технологии в образовании. Издательство «Перо» Москва-2015 – с.107-111.

13. Субанов Б.А. Применение информационных технологий в учебно-воспитательном процессе экономических специальностей. [Текст] //Б.А.Субанов// Инновации в современной науке. Москва-2015- с.97-102.

боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде, Кыргыз билим берүү академиясында жана С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде түзүлгөн Д. 13.16.526 диссертациялык кеңешинде коргоого сунуштайт.

Комиссиянын төрайымы:

педагогика илимдеринин доктору, профессор — Раимкулова А. С.

Комиссиянын мүчөлөрү:

педагогика илимдеринин доктору, профессор — Болджурова И.С..

педагогика илимдеринин доктору, профессор — Акматкулов А.А..

Комиссиянын мүчөлөрүнүн

колун тастыктайм:

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы
педагогика илимдеринин доктору, доцент — Байсеркеев А.Э.

14. Субанов Б.А. Роль информационной культуры в процессе профессионального становления будущих экономистов. [Текст] //Д.Б.Бабаев, Б.А.Субанов// Научно-методический журнал «Наука, техника и образование». Москва – 2016. №3(21) – с.169-172.

15. Субанов Б.А. Келечектеги экономисттердин кесипкөйлүгүн калыптандыруунун учурдагы абалы. [Текст] //Б.А.Субанов// Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Бишкек-2016 –388-392-б.

16. Субанов Б.А. Болочок экономисттерди окутуу процессинде программалык каражаттардын жана маалыматтык технологиялардын колдонулушу. [Текст] //Б.А.Субанов //КББА жарчысы// Бишкек-2016 –112-117-б.

**9. Автореферат менен диссертациялык иштин мазмунунун дал келиши.**

Автореферattын мазмуну диссертациянын мазмунуна толугу менен дал келет. Авторефераттын орус жана англис тилдериндеги резюмелери бирдей мааниде жана талапка ылайык жазылган.

**10. Жетектөөчү мекеме менен расмий опоненттерди сунуштоонун негиздүүлүгү.**

Диссертациялык кеңештин комиссиясы талкууланган кандидаттык диссертация боюнча төмөнкүлөрдү сунуштайт:

- жетектөөчү мекеме катары – Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин педагогика кафедрасын,
- биринчи расмий оппонент катары – педагогика илимдеринин доктору, профессор Раимкулова Ажарбүбү Супуровнаны,
- экинчи расмий оппонент катары – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Ажыбаева Айнураны.

Комиссия сунушталган диссертацияны жана документтерди талдоонун натыйжасында Субанов Бекжан Абдыжалиловичтин «Экономика адистиктеринин окуу процессинде маалыматтык жана коммуникативдик технологияларды пайдалануунун дидактикалык шарттары» аттуу темада 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги